## Мектеп олимпиадасынын жобосу.

### 1Жалпы жобо

1.1Мектеп ичинде олимпиада 5-9-кл. окуучуларынын арасында шыктуу окуучуларды тигил же бул сабактар боюнча талдоо максатында өткөрүлөт.

1.2 Олимпиада так илим, бириккен жана гуманитардык бирикме арасында өткөрүлөт.

1.3 Райондук олимпиада алдында жылына бир жолу өткөрүлөт.

### 2. Олимпиаданын максаты

2.1. Окуучулардын ар тараптуу кызыкчылыгын өстүрүү.

2.2.Окуучулардын окуу деңгээлин көтөрүү үчүн.

2.3. Окуучуларды так илим, гуманитардык жана бириккенпредметтерге кызыгуусун арттыруу менен тереңдетип үйрөтүү.

### 3. Олимпиаданын катышуучулары

3.1. Мектеп ичиндеги олимпиадага окуу программасын өздөштүргөн ар бир окуучу катыша алат.

3.2 Ар бир класстан 2 адамдан кем эмес окуучу катыша алат жана окуучулардын саны чектебейт .

### 4 Олимпиадага жетекчилик кылуу

4.1 Олимпиада өткөрүүгө мектеп директорунун окуу иштери боюнча орун басары жетекчилик кылат.

4.2 Олимпиада жетекчисинин милдети:

- Олимпиада өткөрүү убактысын белгилейт

-Олимпиаданын жалпы өтүү тартибин көзөмөлдөйт

-Калыстар тобунун курамын аныктайт

- Метод бирикменин отурумуна олимпиада өткөрүүнүн критерийлерин тааныштырат жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо тартиби тууралуу талкууга жана бекитүүгө сунуштайт

-Олимпиада жобо менен өтүшүн жана уюшкандыкта өтүшүн камсыздайт

-Калыстар тобу менен биргеликте олимпиаданын жыйынтыгын чыгарат

## 5 Калыстар тобунун милдети

5.1 Калыстар тобунун курамына тажрыйбалуу мугалимдер метод бирикменин жетекчилери кирет

5.2 Калыстар тобунун мүчөлөрү олимпиада катышуучуларынын иштерин текшерип жана жеңүүчүнү аныктайт

5.3 Калыстар тобунун төрайымы метод бирикменин мугалимдерине олимпиаданын жыйынтыгын угузат жана аткарылган тапшырмаларга анализ жүргүзөт

## 6 Олимпиада өткөрүүнүн тартиби

6.1 Предметтик мугалимдер олимпиадага катыша турган окуучунун фамилиясын аныктайт жана олипиада жетекчисине билдирет

6.2 Олимпиада өтүп жаткан мезгилде калыстар тобунун мүчөлөрү окуучулардын иштерине көзөмөл болот

6.3 Олимпиадалык иштердин туура чыгарылыштары, жооптору калыстар тобунун мүчөлөрүнө олимпиада бүткөндөн кийин таркатылат

6.4 Олимпиада иштерине шифр коюлат

6.5 Олимпиаданын катышуучулары өздөрүнүн аткарган иштери менен текшерилгенден кийин таанышууга укугу бар

## 7 Жыйынтык чыгаруу жана сыйлоо

7.1 Олимпиада жеңүүчүсү эң жогорку балл алган окуучу деп эсептелинет

7.2 Олимпиада жеңүүчүсү баалуу белектер, грамота менен сыйланат

7.3 Мектеп ичинде өткөрүлгөн предметтик олимпиада биринчи орунду алган окуучу райондук олимпиадага жөнөтүлөт

7.4 Олимпиада жеңүүчүсүн чыгарган предметтик мугалимдин иши буйрук менен белгиленет жана сыйланат